ТАЛКУУЛАНДЫ
Мектептин методикалык
кеңешмесинде
«_7_»__09__2022-ж

БЕКИТЕМИН
мектеп директору
_____ Абдыразакова А.А
«_7_»__09__2022-ж

# 2022-окуу жылынын «Мыкты окуучусу» конкурсунун жобосу

1. **Жалпы Жобо**

«Мыкты окуучу» мектеп ичинде өтүлө турган конкурс мектептин жылдык иш планын негизинде өтүлөт жана умтулуусу жогору, танаттуу балдар менен иштөө системасынын бир бөлүгү болуп саналат.

Конкурсту уюштуруучулар:

1. Мектеп администрациясы;
2. Методикалык кеңеш;

**2.Конкурстун негизги максаттары жана милдеттери:**

-мектеп окуучуларынын таанып билүү активдүүлүгүн жана чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
-ар тараптан өнүккөн таланттуу лидер окуучуларды аныктоо;
-жалпы билим берүүчү предметтер боюнча окуучулардын билим сапатын жогорулатуу;
-окуучулардын коммуникативдик билгичтиктерин жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;
-таланатуу балдарды аныктоо менен алардын андан ары интелеллектуалдык деңгээлин өнүктүрүүгө, кесипке багыт берүүгө шарт түзүү;

3. **Конкурстун катышуучулары:**

-конкурска 5-11- класстын окуучулары катыша алышат;
-конкурска катышуу төмөндөгүдөй тартипте ишке ашат:
а) «Мыкты окуучу» конкурсунун кандидаты анкета толтурат
б) класс жетекчи анкетаны уюштуруу комитетине берет
-конкурска катыша алышат:
а) бардык предметтерден билим деңгээли жогору окуучулар
б) мектептин коомдук жумуштарына активдүү катышкан окуучулар
в) предметтик олимпиадалардын жана интеллектуалдык конкурстун катышуучулары

4. **Конкурсту өткөрүү тартиби:**

«Мыкты окуучу» конкурсу 4 этап менен өтөт.
1- этап. Өзүн тааныштыруу (декабрь айы)
2-этап. Предметтер боюнча «Эң акылдуу» интеллектуалдык оюну (март айы)
3-этап. «Эң мыкты долбоордук иш» (апрель айы)
4-этап. Портфолио (май айы)

**5. Конкурстун критерийи:**

-окуудагы жана окуудан сырткаркы ишмердүүлүгүнүн ийгиликтери;
-уюштуруучулук жана лидерлик жөндөмү;
- сүйлөө речи, өзүнүн позициясын аргументтештире билүүсү, өз алдынчалыгы, коммуникативдик жөндөмү;
-жалпы маданияты;

**6. Конкурстун уюштуруу коммитети:**

- конкурстун концепциясын аныктайт;
-калыстар тобун түзөт;

- конкурсту өткөрүү тартибин иштеп чыгуу менен бирге талап кылынган иш кагаздарды бекитет;
- катышуучуларды жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо формасын аныктайт;

Калыстар тобунун курамына:

- мектеп директору – калыстар тобунун төрайымы
- окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары
- мугалимдер жамаатынын мүчөсү
- ата-энелер комитетинин мүчөсү
- мектеп парламентинин мүчөсү

Калыстар тобу:

- конкурска катышууга жолдомо берүү тартибин кабыл алуу;
- конкурста каралган материалдардын мазмундук деңгээлин талкуулоо;
- конкурстун тапшырмаларын аткаруу өзгөчөлүктөрүн баалоо;
- конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктоо;

**7. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо:**

7.1 «Мыкты окуучу-2016» номинациясын ыйгаруу конкурстун жүрүшүндө жана бардык этаптарында эң жогорку баллды топтогон катышуучуга берилет.
7.2. Жеңүүчүлөр жаш өзгөчөлүгү боюнча 5-7-класстарга жана 8-11-класстарга бөлүнүшөт. Жеңүүчүлөргө «Мыкты окуучу-2016» наамы берилип, диплом жана баалуу сыйлыктар менен сыйланат. Аты мектеп жазмасында калтырылат.
7.3. Конкурстун катышуучуларына «Конкурстун катышуучусу сертификаты» берилип, баалуу сыйлыктар менен сыйланышат.
7.4 Калыстар тобунун төрайымы өзүнүн атынан өзгөчө сыйлык көрсөтө алат;
7.5. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо жыл аягында «акыркы коңгуроо» салтанатында өткөрүлөт.